восприятия и глубокого изучения действительностии искусства. Чувство прекрасного глубоко человечно и располагает к добру, поэтому эстетическое воспитание тесно связано с нравственным развитием личности и с гуманизацией образования.

Гуманистический подход к образовательному процессу выступает как самостоятельный принцип педагогики, суть которой заключается в следующем: гуманизм, великодушие, терпимость; единство человека и природы; укрепление и защита родины; национальная честь и патриотизм; гармония с природой; межнациональное согласие дружба и сотрудничество; через кропотливый неустанный труд и знания - к процветанию и благополучию [6] .

**Список использованной литературы:**


1. Маркс К., ЭнгельсФ. Из ранних произведений. –М: 1956. с.596
2. Ушинский К.Д. О нравственном элементе в русском воспитании // Собрание сочинений. – Т.2. –М.: 1974.-445с.
3. Макаренко А.С. О воспитании. –М.: Педагогика, 1983.-160с.
4. Сухомлинский В.А. Избранные произведения в пяти томах. Том 3 Сердце отдаю детям .- Киев , Радянська школа, 1980. - 719 с.
5. Боконбаев К.Дж. , Боконбаева А.К. «От хаоса к порядку (Как строилось мироздание)».- Б.:2020.-140с.
6. Мамбетакунов Э. Концептуальные основы гуманизации образования / Материалы международной научно-практической конференции “Самопознание- программа гармоничного развития человека” (Алматы, 21-22 октября 2003г).- Алматы , РУОЦ. “Бөбөк”, 2003.-С.60-67.



УДК 377.1
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-148-152



**Мейманова К., Кадыркулов К.К.**
И.Арабаев атындагы КМУ, аспирант
И.Арабаев атындагы КМУ, педагогика кафедрасынын доценттнин м.а
**Мейманова К., Кадыркулов К.К.**
КГУ им. И. Арабаева, аспирант,
КГУ им. И. Арабаева, и.о доцента кафедры педагогики
**Meimanova K., Kadyrkulov K.K.**
KSU И. Arabaeva, graduate school
KSU I. Arabaeva, Acting Associate Professor of Department of Pedagogy
.


## ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНДЕ ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖДИН ИННОВАЦИЯЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ
## ИННОВАЦИОННАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ ПЕДАГОГИЧЕСКОГО КОЛЛЕДЖА В ПРОЦЕССЕ НЕПРЕРЫВНОГО ОБРАЗОВАНИЯ
## INNOVATIVE ACTIVITIES OF THE PEDAGOGICAL COLLEGE IN THE PROCESS OF CONTINUING EDUCATION


**Аннотация:** Билим берүүдөгү инновациялардын мазмуну менен багыттуулугу окутуу менен тарбия берүүнүн жаңы гуманисттик багытталган моделдерин конструкциялоодо, ал эми

өзгөчөлүгү билим берүүнүн логикалык өз ара байланышкан максаттарында, каражаттарында, методдорунда жана мазмунунда турат. Педагогикалык колледждеги инновациялык ишмердүүлүк заманбап педагогикалык билим берүүдөгү инновациялык процесстердин компоненттери болуп саналат жана орто кесиптик билим берүүнүн уюштуруучулук-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн чагылдырат.

**Аннотация:** Содержание и направленность инноваций в образовании заключаются в разработке новых гуманистически ориентированных моделей преподавания и обучения, а особенность заключается в логически взаимосвязанных целях, средствах, методах и содержании образования. Инновационная деятельность в педагогическом колледже является составной частью инновационных процессов в современном педагогическом образовании и отражает организационно-педагогические особенности среднего профессионального образования.

**Annotation:** The content and focus of innovation in education lies in the development of new humanistically oriented models of teaching and learning, and its peculiarity lies in the logically interrelated goals, means, methods and content of education. Innovative activity in a teacher training college is an integral part of innovative processes in modern teacher education and reflects the organizational and pedagogical characteristics of secondary vocational education.

**Негизги сөздөр:** билим берүү, инновация, гуманисттик багыт, максат, каражаттар, методдор, мазмун, процесс, компонент, өзгөчөлүктөр, шарт.

**Ключевые слова:** образование, нововведение, гуманистическая направленность, цель, средства, методы, содержание, процесс, составляющая, особенности, условия.

**Key words:** education, innovation, humanistic orientation, goal, means, methods, content, process, component, features, conditions.

Билим берүүдөгү инновация – коомдун өнүгүүсүнүн табыгий жана зарыл шарты. Бир тарабынан маанисин жоготпой турган баалуулуктарды сактоого жардам берсе, башка жагынан, алар өзүндө бардык эскирген жана жараксыз нерселерден баш тартууну алып жүрөт жана социалдык жаңы кайра куруулардын негиздерин түзөт. Мындан улам, педагог өз кесиби боюнча заманбап денгээлде билим берүү процессин жүргүзүүгө жана камсыздоого чакырылган болсо, аларга өзгөчө талап коюлат. Бүгүнкү күндө жаңы социалдык күтүүлөргө реакция жасоочу, мобилдүү, чыгармачылык өсүүгө жана кесиптик өзүн өзү жакшыртууга, инновацияларды кабыл алууга жана түзүүгө, ошону менен өзүнүн билимин жакшыртууга, педагогикалык теория менен практиканы байытууга жөндөмдүү мугалим натыйжалуу аракет жасап жаткан болуп саналат. Педагогикалык билим берүү дал ушундай мугалимди даярдоого багытталган [1, 32-б.]. Акыркы жылдары ар кыл типтеги окуу мекемелеринин инновациялык ишмердүүлүк проблемасына арналган бир канча макалалар жазылды. Д.И. Водзинский, А.А. Гримотя, Ю.А. Конаржевский, В.С. Лазарев, А.А. Моисеев, М.М. Поташник, Л.Н. Тихонов, П.И. Третьяков, О.Г. Хомерик, Т.Н. Шамова, И.И. Цыркундун эмгектеринде инновациялык ишмердүүлүктүн теориясы менен практикасы боюнча, билим берүү мекемелеринде инновациялык процессти башкаруу боюнча таяныч жоболор камтылган [2, 62-б.]. Бирок инновациялык ишмердүүлүктү изилдөөгө арналган эмгектердин көбүнүн орто кеиптик мекемелерге, анын ичинде педагогикалык колледждерге тиешеси жок. Жогорудагылардан улам, өзгөчө маанилүү маселе келип чыгат: натыйжалуу жана өзүнүн башкы максаты – үзгүлтүксүз педагогикалык билим берүү системасында педагогикалык колледждин позитивдүү өнүгүшү үчүн, педагогикалык колледжде инновациялык ишмердүүлүктү кантип

ишке ашыруу керек. Билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүнө карата колдонулуучу “инновациялык ишмердүүлүк” түшүнүгү билим берүүнү тейлөөнүн сапатын жогорулатууга, билим берүү мекемелеринин жана бүтүрүүчүлөрүнүн атаандаштыгына, окуучулардын ар тараптуу инсандык жана кесиптик өнүгүшүн камсыздоого багытталган окутуунун мазмунун жана билим берүү процессинин уюштуруучулук-технололгиялык негиздерин максатка багыттуу кайра түзүү катары каралышы мүмкүн [3, 78-б.]. Кыргыз Республикасында педагогикалык колледждердин иш аракеттери жана өнүгүшү орто кесиптик билим берүү системасында болуп жаткан өзгөрүүлөр менен байланыштуу. Адисти даярдоонун парадигмасы жаңы деңгээлге – билим берүүчүлүк кызматка өтөт. Бир түрдүүлүк түзүлүштүн ордуна билим берүү мекемелери менен программаларынын көп түрдүүлүгү келет. Билим берүүнүн мазмуну деңгээлдер жана профилдер боюнча дифференцияланат. Бул кайра куруулардын натыйжасында, барыдан мурда, билим берүүчүлүк керектөөчүлүктү өнүктүрүүгө, окуучулардын инсандык жана кесиптик өзүн өзү аныктоо үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү сунуштоого багытталуучу, үзгүлтүксүз педагогикалык билим берүүнүн көп деңгээлдүү жана көп баскычтуу модели жасалат. Үзгүлтүксүз педагогикалык билим берүү – бул мугалимди даярдоонун өз ара байланышкан формаларынын, этаптарынын, каражаттарынын, ыкмаларынын, анын педагогикалык чеберчилигин жогорулатуунун, бүткүл өмүрүндөгү инсандык сапаттарын жана жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн социалдык-педагогикалык системасы [7, 65-б.]. “Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндө” мыйзамында “колледждер терендетилген атайын теориялык жана практикалык даярдыктын негизинде жогорку билим берүү менен интегрирленген, орто атайын билимди алууну камсыздайт” деп көрсөтүлгөн. Дүйнөдөгү глобалдык алмашуулардын динамизми, биздин өлкөдөгү экономикалык жана социалдык-маданий тартиптердин алмашышы орто кесиптик педагогикалык билим берүүгө педагогикалык кадрларды даярдоодо түзүлгөн кырдаалга жараша ийкемдүү реакция жасоого мүмкүндүк берди. Буга байланыштуу инновациялык мүнөзгө ээ, төмөнкү процесстерди эске алуу зарыл:

– билим берүү мекемелеринин тибине жана балдар менен окуучуларды өнүктүрүүнүн каражаты катары өтүлүүчү предметти колдонууга жараша өздүк педагогикалык ишмердүүлүктү долбоорлоого жөндөмдүү педагогго муктаж мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин, жалпы орто билим берүүчү мекетептердин керектөөчүлүктөрүн;

– педагогикалык билим берүүнүн ар түрдүү денгээлдеринин негизинде кыска мөөнөттө келечектеги педагогдорду даярдоодо, орто атайын жана жогорку билим берүүнүн интеграциясын;

– райондун билим берүү тармагын өнүктүрүүнү жана конкреттүү адиске “заказды” калыптандырууну. Педагогикалык колледжде инновациялык ишмердүүлүктүн мазмунун түзөт:

1. Окуу-усулдук иш. Процессин Колледждин октуучулары “Кесиптик билим берүүнүн республикалык институту” билим берүү мекемесинин жетекчилиги астында билим берүү процессин окуу-усулдук камсыздоону иштеп чыгууга катышып жатышат:

– ар түрдүү педагогикалык адистиктер боюнча жаңы окуу пландарын; - Кыргыз Республикасындагы педагогикалык училищалар жана коллдеждер үчүн окуу пландарынын дисциплиналары боюнча жаңы типтүү окуу программаларын;

– “Башталгыч билим берүү”, “Мектепке чейинки билим берүү” адистиктери боюнча билим берүү стандарттарын;

— педагогикалык колледждин ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу, инструктивдик-усулдук жоболорду.

2. “Педколледж-университет” илимий окуу-усулдук бирикмелериндеги иш. Интеграция Кыргыз Республикасында билим берүү министрлиги бекиткен документтердин пакетинин негизинде үч университети менен ишке ашырылат. Биз, үзгүлтүксүз педагогикалык билим берүүнүн деңгээлдери салыштырмалуу автономиялуулука ээ болушу керек жана ошол эле мезгилде бүтүн системанын элементи болуп саналат деп ойлойбуз. Мындай мамиле базар талаптарына толук жооп берет; ар кыл жолдор аркылуу билим алууга мүмкүндүк берет; окуучулардын академиялык жана кесиптик мобилдүүлүгүн стимулдаштырат; өзүн өзү аныктоонун негизинде инсандык өнүгүү үчүн, анын баалуулук багыттарына жана турмуштук маңызына шарттарды түзөт.

3. Эксперименталдык иш. Билим берүүнүн мазмунун, жаңы окуу программаларын жана окуу-усулдук документацияларды тажрыйбалык текшерүү жана жаңыча баалоо колледждин педагогикалык процессине жаңы билим жана тарбия берүүчүлүк технологияларды киргизүү катары ишке ашырылат. Үч жыл аралыгында колледждин базасында “Адам укугуна, демократиянын жана эл аралык укуктун негиздерине окутуу” боюнча республикалык эксперименталдык аянт иштеди. Эксперименталдык иш боюнча өткөрүлгөн иш-чараларга анализ, эксперименталдык иштин негизги милдеттери жакшы уюштуруучулук-усулдук деңгээлде ишке ашат:

– “Баланын укугу” предметинин жана “”Кыргыз Республикасындагы укуктун негиздери” курсунун “ Адам укугу – коомдун жогорку баалуулугу” бөлүмүнүн оптималдуу мазмуну аныкталды;

– активдүү, инновациялык усулдар иштелип чыкты жана апробацияланды;

– педколледжде адам укугунун, демократиянын жана элдердин ортосундагы өз ара түшүнүүнүн духунда жаштарды тарбиялоонун ийгилигине жардам берүүчү тарбиялык чөйрө түзүлдү;

– колледждин билим берүү процессине жаңы билим берүүчүлүк технологияларды өздөштүрүү жана киргизүү. Колледждин педагогикалык коллективи окуу-тарбия процессине окутуучулардын, кураторлордун жана окуучулардын чыгармачыл топторунун иштеринин натыйжаларын окуу-тарбия процессине кеңири киргизүүдө адистиктердин окуу пландары жалпы билим берүүчүлүк жана кесиптик компоненттерден, адистиктердин циклинен, педагогикалык практикадан жана факультативдик дисциплиналардан турат. Тереңдетип даярдоо адистиктердин ци4клинин жана факультативдик дисциплиналардын эсебинен жетишилет, алар биригип кесиптик компоненттин дисциплиналарына окуу планында бөлүнгөн сааттардын санынын 40%га жакынын түзөт. Педагогикалык колледждин окуу процессинде окутуунун лекциялык-семинардык жана класстык-сабактык формалары колдонулат. Сабак өтүүдө колледждин окутуучулары заманбап билим берүүчү технологияларды колдонот: оюндук, проблемалык жана өнүктүрүүчү технологиялар; окутуунун коллективдүү ыкмасы; группалык технологиялар; чеберчилик технологиялар; модулдук-блоктук окутуу; долбоорлордун методу жана башкалар.

4. Педагогикалык кадрларга аймактын керектөөчүлүгүнө ылайык жаңы специализацияларды киргизүү. Мисалы, “Мектепке чейинки билим берүү” адистиги боюнча “Логопедия” (колледждин бүтүрүүчүсү “Логопеддик топтун тарбиячысы” кошумча квалификациясына ээ болот) специализациясы жана “Дене тарбия” (кошумча квалификация – “Мектепке чейинки мекемеде дене тарбия жетекчиси”) специализациясы киргизилди.

Үзгүлтүксүз педагогикалык билим берүү системасында педагогикалык колледждин туруктуу позитивдүү өнүгүшүнүн шарты жана каражаты болуп эсептелүүчү, педагогикалык колледждеги инновациялык ишмердүүлүк натыйжалуу болорун практика көрсөттү:

– эгер педагогикалык колледждеги инновациялык ишмердүүлүк процессинде Кыргыз Республикасындагы үзгүлтүксүз педагогикалык билим берүүнүн системасына кошулган, орто атайын педагогикалык билим берүүнүн жаңы, заманбап системасы түзүлсө;

– инновациялык ишмердүүлүк педагогикалык колледждин билим берүү ишмердүүлүгүнүн компоненти болуп саналат: окутуунун салттуу жана жаңыланган формалары менен методдору билим берүүнүн өзгөртүлгөн мазмуну менен, жаңы окуу пландарын,, автордук программаларды киргизүү менен, жаңы предметтерди, атайын курстарды, факультативдерди киргизүү менен, жаңы адистиктерди жана специализацияларды киргизүүнүн эсебинен билим берүү кызматынын тизмесин кеңейтүү менен айкалышат;

– педагогикалык колледждин инновациялык чөйрөсүн өнүктүрүү колледждин уюштуруучулук-педагогикалык өзгөчөлүктөрүнө таянат, билим берүү процессинин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга, келечектеги педагогдун кесиптик даярдыгынын сапатына, колледждеги педагогикалык процесстин субъектилеринин инновациялык потенциалын өнүктүрүүгө жана өзүн өзү өнүктүрүүсүнө жардам берет [6, 96-б.].

–

**Колдонулган адабияттар:**


1. Абдуллина О.А. Общепедагогическая подготовка учителя в системе высшего педагогического образования: Для педагогических специальностей высших учебных заведений. М.: Просвещение, 1990. – 141 с.
2. Ангеловски К. Учителя и инновации: Книга для учителя. – М.: Просвещение, 1991. – 159 с.
3. Беспалько В.П. Слагаемые педагогической технологии. М.: Педагогика, 1989. – 192 с.
4. Громова Т.Н., Шелгунов В.С. Колледж и вуз в системе непрерывного педагогического образования // Начальная школа. – 1997. – № 12. – С. 6-8.
5. Карпова Т.И. Подготовка специалиста в колледже // Дошкольное воспитание. – 1993. – № 5. – С. 80-82.
6. Кузьмина Н.В. Методы исследовния педагогической деятельности. – Л.: ЛГУ, 1970. – 115 с.
7. Ярошенко Н. Г., Коломенская А.Л. Колледж как инновационный вид образовательных учреждений среднего профессионального образования // Инновации в российском образовании: Среднее профессиональное образование. – М.: МГУП, 1999. – С. 64-68.



УДК 93:378
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-152-157



**Молдокулова Д.Т., Өмүркул уулу К.**
И.Арабаев атындагы КМУ, т.и.к., доцентинин м.а.,
И.Арабаев атындагы КМУ, окутуучу
**Молдокулова Д.Т., Омуркул уулу К.**
КГУ им. И.Арабаева, к.и.н., и.о.доцента
КГУ им. И.Арабаева, преподаватель
**Moldokulova D.T., Omurkul uulu K.**
KSU I. Arabaeva, Candidate of Historical Sciences, Acting Associate Professor,